DOI:10.26104/NNTIK.2019.45

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 6, 2021

*Кадырова Т.*

# ОКУУЧУЛАРГА ЭСТЕТИКАЛЫК ТАРБИЯ БЕРҮҮДӨ КЫРГЫЗ ЭЛИНИН УЛУТТУК КӨРКӨМ ӨНӨРҮНҮН РОЛУ

*Кадырова Т.*

# РОЛЬ НАЦИОНАЛЬНОГО ИСКУССТВА КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА В ЭСТЕТИЧЕСКОМ ВОСПИТАНИИ УЧАЩИХСЯ

*T. Kadyrova*

# THE ROLE OF THE NATIONAL ART OF THE KYRGYZ PEOPLE IN THE AESTHETIC EDUCATION OF STUDENTS

*УДК: 373*

*Макалада кыргыз элинин жашоо турмушунда колдонулуп келген кол өнөрчүлүк, нерселер, буюмдардын улуттук баалуулук катары муундан-муунга берилип үйрөтүлүп келгендиги жөнүндө айтылат. Ошол эстетикалык жасагалардын окуучулар-ды тарбиялоого таасири чоң экендиги баса белгиленген жана алар улуттук атрибут катары өнүгүп жаткандыгын ачып берет. Улуттук баалуулуктар жөнүндө ойчулдардын, акындардын ойлору камтылган. Башталгыч класстын окуучуларын эстетикалык жактан тарбиялоодо, элдик кол өнөрчүлүктү, адабий чыгармаларды тааныштыруу каралган. Темада кыргыз элинин жалпы искусство өнөрүнө баа берилген. Оозэки ырчылык, төкмөчүлүк, манасчылык канчалык деңгээлде балдарды тарбиялоодо орду чоң экендиги баса белгиленет. Ошондой эле кол өнөрчүлүк балдаргаэстетикалык ырахат тартуулап, күчтүү таасир этүүчү каражат болуп, окуучулардын жеке жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө түрткү болору жөнүндө айтылат. Кыргыз элинин маанилүү атрибуту болгон боз үй, анын жасалгасынан баштап, турмуш тиричиликтеги буюм-тайымдар, жасалгалар, анын ичинен кийим- кечектер, зергерлик жасалгалар сыяктуу эстетикалык каражаттардын мааниси ачылып берилди. Башталгыч класстын окуучуларынын эстетикалык кабыл алуусун, эстетикалык сезимин жана чыгармачылык эстетикалык өнөрүн өнүктүрүү керек экендиги макаланын негизги мазмунун түзөт. Элдик чыгармачылыкты окутуп-тарбиялоодо колдонуу зарылдыгы баса белгиленди.*

***Негизги сөздөр:*** *эстетика, баалуулуктар, тарбия, улуттук буюмдар, окуучулар, окутуу, билим берүү, тарбиялоо, кол өнөрчүлүк, көркөм эстетика.*

*В этой статье рассматриваются вопросы национальных ценностей, которые передаются от поколения к поколению, атрибуты из жизни кыргызского народа (юрта, национальные музыкальные инструменты, ожерелья, вещи и т.д.). Отмечены значения эстетических вещей в воспитании. Даны теоретические исследования ученных и мыслителей о роли национальных ценностей. Рассмотрены народные устные и рукодельные творчества и литературных произведений в эстетическом воспитании учащихся. Тема оценивает общее искусство кыргызского народа. Особое внимание уделяется роли устного пения акынов, и манасосказание в воспитании детей. Также говорится, что изделия ручной работы являются мощным инструментом для детей, позволяющим им наслаждаться эстетикой и мотивировать учащихся развивать свои личные навыки. Выявлено значение юрты, как важного атрибута кыргызского народа, от ее украшения до предметов быта, в том числе национальные одежды и ювелирные украшении. Основное содержание статьи является – необходимость развития эстетического восприятия, эстетического чувства и творческих эстетических навыков у младших школьников. Подчеркнута необходимость использования народного искусства в обучении и воспитании.*

***Ключевые слова:*** *эстетика, ценности, воспитание, национальные вещи, учащихся, обучения, образование, народное творчества, художественная эстетика.*

*This article examines the issues of national values that are passed from generation to generation, attributes from the life of the Kyrgyz people (yurt, national musical instruments, necklaces, things, etc.). The values of aesthetic things in education are noted. Theoretical studies of scientists and thinkers on the role of national values are given. Considered folk oral and handicraft works and literary works in the aesthetic education of students. The topic evaluates the general art of the Kyrgyz people. Particular attention is paid to the role of oral singing of akyns, and manas-telling in the upbringing of children. It is also said that handicrafts are a powerful tool for children to enjoy aesthetics and motivate students to develop their personal skills. Revealed the value of the yurt as an important attribute of the Kyrgyz people, from its decoration to household items, including national clothes and jewelry. The main content of the article is - the need to develop aesthetic perception, aesthetic feeling and creative aesthetic skills in younger students. The necessity of using folk art in teaching and upbringing is emphasized.*

***Key words****: aesthetics, values, education, national things, students, training, education, folk art, artistic aesthetics.*

**Теманын актуалдуулугу.** Кыргыз элинин мурунку жашоо турмушун жана каада-салттарын, үрп-адаттарын жана буюм-тайымдарын азыркы жаштар эскирди, же эскичилик деп айтышат. Бирок акыл калчап көргөндө, ушул нерселердин баарысы – элдин тарыхы, анын басып өткөн жолундагы өнөрү, жашоо турмушу экендигин жаштарга түшүндүрүү зарыл болуп келе жатат. Анткени жаш балдар компьютердик технологиялар доорунда маалымат каражаттарына көбүрөөк ишенишет да, улуттук баалуулуктарга маани бере алышпайт. Ошондуктан, кенже мектеп окуучуларына элдик ырлар, кол өнөрчүлүк, элдик чыгармачылыкты окутуу-тарбиялоо процессинде колдонуу зарылчылыгын баса белгилейбиз. Улуттук негизде кыргыз атуулун тарбиялап, өстүрүү зарыл.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



**Изилдөөнүн деңгээли.** Негизги эстетикалык проблемалар философия, музыка, адабият таануу жактарында каралып келген. Эстетикадагы сулуулук категориясы А.Фараби, Ибн Сина тарабынан ой-пикирлер айтылып, баса белгиленген. Эстетикалык объектинин предметин, эстетикалык рахаттанууну, адам турмушундагы көркөм өнөрдүн маани маңызын түшүнүүгө Омар Хаям, Низами, аль-Кинди сыяктуу чыгыш ойчулдары өзгөчө позицияда турушканын көрүүгө болот. XIX кылымдан баштап кыргыз элинин көркөм өнөрүн Ч.Валиханов, Б.Солтоноев, М.Абдылдаев, Ш.Базарбаев, А.Эркебаевдер тарабынан ар тараптуу изилденип, иликтенип келе жатат.

**Изилдөөнүн максаты.** Кыргыз элинин улуттук эстетикалык буюм-тайымдарын, каада салттарын кенже мектеп окуучуларына үйрөтүү менен алардын көркөм өнөргө болгон шык-жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү жана атуулдук тарбия берүү болуп саналат.

**Эстетика –** бул адамдын жан дүйнөсүнүн муктаждыгы. Башталгыч класстардын окуучуларына эстетикалык тарбия берүү жагына көрүнүктүү педагогдор көп көңүл бурушкандыгы белгилүү. Алар искусство каражаттарын окуучулар түшүнө алгандай деңгээлде тааныштырууну, баланы көркөм сүрөт тартууда, бийлөөдө, поэзияда, драмалаштырууда өзүнүн жөндөмүн көрсөтүүгө катыштыруу зарыл деп көрсөтүлгөн.

Эстетикалык тарбия – бул инсандын эстетикалык, эмоционалдык-сезимдик жана баалуулук аң-сезимин жана ага төп келүүчү ишмердүүлүктү калыптандаруу жана өнүктүрүү болуп эсептелет. Баланын айлана-чөйрөнүн, искусствонун кооздугун, сулуулугун, сонундугун кабыл алып, аны туура түшүнүп эстетикалык сезимдерге дуушар болуусу, толкундануусу, ырахаттануусу, кубануусу зарыл. Ушул сезимдер гана баланын жан дүйнөсүнө күчтүү таасир этип, ички өнүгүүсүнө түрткү берет. Эстетикалык тарбия процессин руханийлик менен материалдыктын, сулуулук менен көрктүүлүктүн принцибинин, искусствонун эстетикалык касиеттеринин инсан тарабынан бааланыуусунун негизинде аныкталуучу багыт алуу бир топ перспективалуу (С.М. Эйзенштейн, Л.С. Выготский) – деп сунуш кылышкан [2].

Башталгыч класстын окуучусуна эстетикалык тарбия берүү – бул баланын чыгармачылык активдүүлүгүн калыптандыруучу максаттуу процесс. Сулуулукту кабыл алып, ага баа берип жаратылыш байлыктарын коргоп, көбөйтүүгө болгон каалоолорун пайда кылып, искусствонун сырларын кабыл алып «Сулуулуктун мыйзамын» түшүнүүнүн баштапкы тепкичин түзүү болуп эсептелет. Музыка угуп жаткан баланын ички жана сырткы абалына байкоо жүргүзгөн болсок, чоң адамдарга караганда да жаш балдардын жан дүйнөсү музыкага сүңгүп киргенин анын көзүнөн таң калууну, толкунданууну байкоого болор эле. Ал эми кээ бир балдардан ойго чөмүлгөнү сезилсе, кээ биринин көз карашында көңүл коштукту, кубанычтын жоктугун көрүүгө болот. Ушул сыяктуу музыкадан кубаныч албаган окуучу жөнүндө эмне айтса болот? Сулуулукту сезген адам бактылуу. Эмне үчүн музыканын кубанычы балага жакшы таасир калтырбады? Бул суроого К.Маркстын сөзү менен жооп берсе болот. «Эгерде сен искусстводон ырахат алгың келсе, анда көркөм билимге ээ болушуң керек» - деген [6]. Ошондуктан сулуулукка, кооздукка алып баруучу жол эстетикалык тарбия болуп эсептелет. **Кыргыздардын көчмөн турмуштагы жашоо ыңгайы поэзияга, музыкага, чебер уздар менен зергерлердин кеште, саймаларына, жасалуу буюмдардагы кооздукка болгон суктануусундагы бөтөнчөлүк жараткан.** Инсан азык-түлүккө, кийим-кечеге, турак-жайга, унаага жана башка болгон муктаждыгын, эреже катары өзүнүн рухий мүдөөлөрүнө, адеп-ахлактык аң-сезимине, эстетикалык табитине жана башка факторлорго жараша канаатандырат.

Элдин көркөм эстетикалык таланты саймалардан да өзгөчө көрүнөт. Сайма менен кийим-кече, баш кийимдер, кап, куржун, ат жабдыктары кооздолгон. Саймалуу буюмдар практикалык милдетти аткаруу менен катар боз үйдүн көркүн да арттырган. Күндөлүк турмушта тааныштырып, туура түшүнүүсүнө жетишүү керек. Кыргыз **оймо-чиймелери** – күндөлүк турмуштиричиликтеги майда-барат буюдарды, аялдардын кийимдердин көркүнө чыгаруу менен бирге өтө бөтөнчө жана кайталангыс. Кыргыз эстетикасы ар бир буюмдун жасалышында бийик эстетикалык талапты, эстетикалык зор табитти талап кылат жана ал буюмдардын нукура сулуулугуна көңүл бурулат. Сүрөткердин чыгарган буюмдарында тиричилик буюмубу, кийимиби, шөкүлөбү – өзгөчө улуттук колориттин болушу көрүнүп турат. Окуучуларды элдик эстетика булактары менен тааныштыруу аркылуу, аларды атуулдук жана улуттук ар-намыска тарбиялоого жетишебиз.

Эстетикалык мыкты деңгээлде тигилген кыргыз кыздарынын кийимдери, саймалардын келишимдүү жана жаркын көчөттөрү ар адамда эстетикалык рахаттанууну пайда кылат. Рахаттануу менен бирге адам кээде өзүнүн эркинен тышкары, жаңы-жаңы чындыкты, билимди, адеп-ахлак эрежелерин өздөштүрөт, акылын курчутат, сыпайгерчилигинин негизинде сезимин асылдандырат, атуулдук дүйнө туюмунун чегин кеңейтет.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



Кыргыз элинин турмушунда **ырчылык сөз өнөрү, музыка** өзгөчө орунда турган. Ырчыларга лирикалык жана баатырдык дастандарды аткаруучуларга, айрыкча манасчыларга эл терең сый-урмат жана сүйүү менен мамиле кылат. Ырчылардын арасынан төкмөлөр бөтөнчө орунда турушат. Алар комуздун коштоосунда, же музыкалык аспапсыз эле санат-насыят, мактоо ырларын аткарышкан. Алардын ичинен эң эле баалуусу – манасчылык десек болот.

Кыргыз элиөз ырчыларынын жана манасчыларынын өнөрүн абдан баалашкан жана урматташкан. Эл ар дайым музыканын тарбиялык чоң ролун түшүнүп, баалап келген. Ырчылардын жана манасчылардын аттарын мектеп окуучулары башталгыч класстан баштап эле тааный башташат. Атап айтсак, Арстанбек, Калыгул, Молдо Кылыч, Молдо Нияз, Женижок, Токтогул, Тоголок Молдо, Барпы Алыкулов, Сагынбай Орозбак уулу, Саякбай Каралаев түзгөн мектептердин негизинде кыргыз элинин ырчы, манасчыларынын баарысы мененокуучулар таанышышат. Алар кыргыз элинин эбегейсиз зор рухий мурасынын алып жүрүүчүлөрү болушкан, элдик нарк-дөөлөттөрүнүн баалуулугун бапестеп, сактап, муундан-муунга өткөрүп келишкен. Булардын ичинен эки генийди – Сагынбай жана Саякбайды өзгөчө бөлүп көрсөтүп айтсак болот. Улуу муундардын сөздөрү, өнөрү, маданияты, тарыхы эч качан эскирбейт. Буларды муундан-муунга өткөрүп берүү мугалимдердин жана ата-энелердин милдети болуп саналат. Педагогикада булардын баардыгын алганда – **тарбиялоо деп** эсептейбиз.

Элибизден чыккан залкар төкмө акындарыбыздын чыгармалары – көнүл кушун көкөлөтүп, муундан-муунга мурас катары эле келбестен, улуттук аң-сезимибизге сиңип, кылымдарды карыткан карт тарыхтын өзөгү. Азыркы учурда өткөн мурастарга карата болгон кызыгуулар артып жаткандыгы учурдун талабына ылайык. Элибизде **төкмөлүккө** жакшы көңүл бурулуп, Орто Азия элдеринин ичинен кыргыз элинин төкмө акындары башкаларга ат салдырбай келишүүдө. Алардын айтыштарын угуп олтурган окуучу эч качан кайдыгер кала албайт. Айтышаарга теңи жок төкмө ырчы Женижоктун чыгармачылыгынын көөнөрбөс мурастарын келечектин жаш муундарын тарбиялоодо пайдалануу олуттуу мааниге ээ.

**Эгемендүү Кыргызстандын учурдагы манилүү милдеттеринин бири өз Мекенинин кызыкчылыктарынкоргоого жөндөмдүү, ата-бабалардын тарыхын, каада-салттарын, нарк-дөөлөттөрүн кадырлап, баалаган рухий жактан бай атуулдарды тарбиялоо болуп эсептелет.** Бул милдеттер миңдеген жылдар ичинде калыптанган элдин рухий кенчтерин терең жана ар тараптуу үйрөнүп, өздөштүргөндө гана ишке ашат. Сулуулук – эстетиканын негизги категориясы.

Сулуулукту түшүндүрүүдө **Женижок** биринчи орунга адамды, анын өмүрүн коет. Жеке инсандын аруу сезиминдеги тилек ниетине жандуу кызыгууну жоготпостон, тескерисинче, соңку мезгилдеги ырларында жалпы кыргыздардын турмуш – тиричилигинде улам көбүрөөк кайрылат. Женижоктун мүнөздөмөсүндө, адал эмгек жасап, сооп иш кылган инсан ошол эле учурда көрктүү, сулуу:

«Керилип кетмен чапканды айт,
Адал дүйнө тапканды айт,
Көпүрө салган балбанды айт,
Жол оңдогон балбанды айт!».

Керилип кетмен чапкан, көпүрөө салган, жол оңдогон инсандар өздөрү сулуу, бирок алардын мына бул ырларда поэтикалык сүрөттөлүшү – андан да сулуу. Ал адамды Кудай жараткан сулуулук деп эсептейт. Дээрлик бардык ырларында Женижок жакшы менен жаманды, сулуулук менен көрксүздүктү салыштырган:

«Күн жарыгы тийгендей,
Күлгөнү сонун баланын.
Көйкөлүп өссө эгин-чөп,
Көркү экен эгин талаанын.
Жабыркатып саргайтат,
Жакшысы болбойт жалаанын [5].

Келтирилген саптардан ырчы ар бир буюм өз ордунда, өз мезгилинде гана сулуу деп ырастайт. Убагында **Цицерон: «Сулуулук – жаратылыштын эң улуу сырларынын бири. Сулуулукту биздин делебебизди козгогон нерселер менен чаташтырбоо керек» – деп эскертип кеткен [2].**

Кенже мектеп окуучуларын системалуу тарбиялоо ишинде жашоо турмуштагы терс көрүнүштөр болгон көркү жок, жагымсыз нерселерди сын көз менен карап, өзүмчүлдүк, жалкоолук, аракечтик сыяктуу адамдагы терс сапаттарды жек көрүүгө тарбиялоо зарыл. **А.С. Макаренко «Балага курчап турган дүйнөдөгү бардык нерселер таасир этет. Буюмдар, жаратылыш, окуялар, адамдар. Бирок алардын ичинен эң таасирдүүсү ата-энелер менен педагогдор»** – деп айткан. Чындыгында кенже мектеп окуучулары көздөрү көргөн бардык нерселердин кандай экенин, кантип жасалганын билүүнү абдан каалашат. Бул үчүн сабактарда жана класстан тышкаркы тарбиялык иштерде алар көрүп турган нерсе, же көрүнүштүн эң негизги белгисин, баалулугун көрсөтө билүү керек. Мисалы, Чуйковдун «Кыргыз кызы» деген сүрөтү кийими жупуну, башында бантиги жок жоолук салынган, азыркыдай сумкасы жок карапайым кыргыз кызы сүрөттөлүп турганын көрүүгө болот. Бирок бул

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



сүрөт менен тааныштырганда окучуулардын көңүлдөрүн китебин бооруна кысып, окуганды жан дили менен сүйгөн тоолук кыз экендигине буруу зарыл. Башталгыч класстын окуучусуна эстетикалык тарбия берүүнүн милдети – сулуулукту кабыл алып, ага баа берип жаратылыш байлыктарын коргоп, көбөйтүүгө болгон каалоолорун пайда кылып, искусствонун сырларын кабыл алып сулуулуктун мыйзамын түшүнүүнүн баштапкы тепкичин түзүү болуп эсептелет. Ошондуктан, кыргыз элинин эстетикасы негизинен **көркөм адабият, музыка, колдонмо көркөм өнөрүнүн түрлөрүнөн** тамырлангандыктан, окуучуларды ушул ажайып сулуулук менен коздуктун нерселери менен тааныштыруу зарыл. Колдонмо көркөм өнөрдүн туу чокусу – боз үй, өз элинин акыл-оюнан чыккан ажайып үй эмеспи, анын ар бир тетиги муундан муун жараткан улуу өнөрдүн баалуу мурасы болуп эсептелет. Кыргыз элинин көркөм таланты саймалардан да өзгөчө көрүнөт.

Кенже мектеп жашындагы балдардын эстетикалык жактан өнүгүүсүндө табигый-илимдердин да мааниси чоң. Мекен таануу сабактарында жаратылыш кубулуштары жөнүндө билим берүү аркылуу, окуучулардын көңүлүн табияттын адамга эстетикалык жактан таасир этээрине көңүлдөрүн буруп, андагы түстүн, жарыктын, форманын, гармониянын жана жаратылыштын бир бүтүндүгүнүн маанисин баса көрсөтүү керек. Табияттын обьектилеринин сулуулугу үч формада шарттуу түрдө чагылдырылат: декоративдик, конструктивдик, динамикалык. Жаратылыштын декоративдик формада чагылдырылышы түздөн-түз сезүүнү, ачыктыкты, фондун ичинен сүрөттүн бөлүнүлүп туруусун, чагылуусун, көркөм формасын өз ичинде камтыйт. Сайма мененкийим-кече, баш кийимдер, кап, куржун, ат жабдыктары кооздолгон. Саймалуу буюмдар практикалык милдетти аткаруу менен катар боз үйдүн көркүн да арттырган. Ушундай эле кызматты дубалга илинүүчү килем менен туш кийиздер да аткарышкан. Ушул улуттук баалуулуктарды мектеп окуучуларына баса белгилеп тааныштырып, анын маңыз – маанисин ачып берүү керек. Ошол учурда гана кенже мектеп окуучулары жаш кезинен баштап элинин улуттук эстетикалык баалуулуктарын баалап, аны сактоого тарбияланууга тийиш.

**Корутунду.** Башталгыч класстардын окуучулары эстетикалык сезимдери өтө назик жана кабыл алуу жөндөмдүүлүктөрү өтө курч. Айрыкча элдик ырларды, балдар ырларын, күүлөрдү жакшы угушат. Азыркы жаңы чыккан обондуу ырлар менен да жакшы тааныштыгы бар. Музыка сабагына өтө кызыгуу менен катышышкандыгын мектеп практикасынан көрүнөт. Өзгөчө кыз балдар музыкага жандуу экендиги байкалат. 3-класстын окуучуларынан 95% ырдоого жөндөмдүү болуп болуп чыкты, ал эми 5% окуучудан ырдабай жүргөн, ырдоого шыгы жок эркек балдар болду. Ал эми сүрөт сабагынан да окуучулардын көркөм сүрөткө болгон кызыгууларын, шык жөндөмүн байкаса болот. Сүрөт сабагында окуучуларды кыргыз оймочиймелери менен тааныштыруу темасында өтүлдү. Туш кийиз, ала кийиз, боз үйдүн жасалгасынан окуучуларда өтө кызыгууну пайда кылып, атуулдук сыймыктануу сезимдерин, эстетикалык сезимдерин пайда кылгандыгы көрүндү. 4-класстын окуучуларына кыргыз тили сабагынан «Сын атооч» деген темада сабак өткөндө, сабактын максаты окуучуларга сын атоочтун негизги белгилерин жана речтеги маанисин, сөздүн көркөмдүгүн таанытуу болгон. Ыр куплеттери, сан атоочту билдирген сөздөр, музыкалык тыныгуу окуучулардын эстетикалык кабыл алуусун, эргүүсүн пайда кылып, алардын эстетикалык жактан өнүгүүсүнө таасир этти. Сабакта колдонулган көрсөтмө материалдар: сүрөттөр, таблицалар, таркатылып берилүүчү материалдар да алардын көрүп кабыл алуусунда мааниси чоң болду. Демек, башталгыч класстын окуучуларынын эстетикалык кабыл алуусун, кол өнөрчүлүк шыгын өнүктүрүүдө улуттук музыка, сүрөт жанрлары жана кыргыз элинин колдонгон көркөм чыгармачылыктары олуттуу мааниге ээ экендигин баса белгилеп кетебиз.

**Адабияттар:**

1. Кривцун О.А. «Эстетика». - Москва, 1998.
2. Кашина Н.В., «Эстетика». - Москва, 1989.
3. Педагогикалык энциклопедия. - Бишкек, 2004.
4. Койнова-Цельнер Ю.В. «Башталгыч мектепте активдүү окуунун педагогикалык технологиялары». - Бишкек, 2011.
5. Субанов К. «Жеңижоктун эстетикалык ой-жүгүртүүлөрү». - Бишкек, 2008.
6. Бабаев Д., Акматов.К. Педагогика. - Бишкек, 2017.
7. Кыргыз оймолору. – Фрунзе: «Кыргызстан» басмасы.
8. Кадырова Т. Возможность предоставления детям дошкольного возраста образования ориентированного на общечеловеческих ценностях. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2020. №. 4. С. 207-211.